DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

*Термечикова А.М.*

# ОКУУЧУЛАРДЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК АКТИВДҮҮЛҮГҮН ӨСТҮРҮҮ КӨЙГӨЙЛӨРҮНҮН ТЕОРИЯЛЫК ЖАНА ПЕДАГОГИКАЛЫК АДАБИЯТТАРДА БЕРИЛИШИ

*Термечикова А.М.*

# ПРЕДСТАВЛЕНИЕ В ТЕОРЕТИЧЕСКОЙ И ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ ЛИТЕРАТУРЕ ПРОБЛЕМ РАЗВИТИЯ ТВОРЧЕСКОЙ АКТИВНОСТИ УЧАЩИХСЯ

*A. Termechikova*

# THE PRESENTATION IN THEORETICAL AND PEDAGOGICAL LITERATURE OF THE PROBLEMS OF THE DEVELOPMENT OF CREATIVE ACTIVITY OF STUDENTS

*УДК: 37.013*

*Макалада азыркы учурда өзүнүн ишмердүүлүгүн талдоого, стандарттык талаптардан айырмаланган максаттарды коюп жана аткарганга, өз алдынча чечим кабыл алганга жөндөмдүү чыгармачыл, активдүү инсанды калыптандыруу көйгөйү актуалдуу экендиги айтылат. Билим берүүдөгү эң башкы маселелердин бири катары окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн өстүрүү экендиги белгиленди. Окуучулардын «чыгармачылык», «чыгармачылык активдүүлүгү» түшүнүктөрүнүн мазмунун илимий жактан изилденүүсү, педагогикалык жана философиялык адабияттарда берилиши, окумуштуулардын изилдөөлөрүндөгү негизги көйгөйлөр чагылдырылды. Чет элдик жана ата мекендик изилдөөчүлөрдүн изилдөөлөрүн карап чыгып, алардын жыйынтыктары да каралып чыкты. Балдардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн аныктоо жана өнүктүрүү – заманбап билим берүүнүн негизги милдети. Макалада заманбап шарттарда балдардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүдөгү өзгөчөлүктөр көрсөтүлдү. Л.С. Выготскийдин изилдөөлөрү балдардын чыгармачыл жөндөмдөрүн өнүктүрүүнүн педагогикалык концепциясынын негизи экендигие таянылды. Ошондой эле чыгармачылык жөндөмдүүлүктү калыптандыруу менен кесипкөй адисти тарбиялоого жетишүү мүмкүн экендиги берилди.*

***Негизги сөздөр:*** *чыгармачылык, активдүүлүк, таанып билүүчүлүк, чыгармачыл ишмердүүлүк, чыгармачыл жөндөмдүүлүк, көйгөйлөр, инсан.*

*В статье рассматривается актуальная проблема формирования творческой, активной личности, способная к анализу своей деятельности, постановке и реализации целей, отличающихся от стандартных требований, и принятию самостоятельных решений. Одним из важнейших вопросов в образовании является повышение творческой активности учащихся. Основные проблемы исследования - научное толкование понятий «творчество» и «творческая деятельность» учащихся, их использование в педагогической и философской литературе. Рассматриваются результаты исследований зарубежных и отечественных исследователей. Главной задачей современного образования является выявление и развитие творческих способностей детей. В статье характеризуются особенности развития детского творчества в современных условиях. Показано, что исследования Л.С. Выготского лежат в основе педагогической концепции развития творческих способностей детей. Путем развития творческих способностей можно воспитать компетентного специалиста.*

***Ключевые слова:*** *творчество, деятельность, познание, творческая деятельность, творческие способности, проблемы, личность.*

*The article says that today the acute problem is the formation of a creative, active personality, capable of analyzing their activities, setting and implementing goals that differ from standard requirements, and making independent decisions. One of the most important issues in education is to increase the creative activity of students. The scientific study of the content of the concepts of "creativity", "creative activity" of students, their representation in pedagogical and philosophical literature, the main problems of the study are reflected. The results of studies of foreign and domestic researchers were also considered. The main task of modern education is to identify and develop the creative abilities of children. The article describes the features of the development of children's creativity in modern conditions. It is shown that L. S. Vygotsky's research underlies the pedagogical concept of the development of children's creative abilities. You can also train a professional, developing creative abilities.*

***Key words:*** *creativity, activity, cognition, creative activity, creativity, problems, personality.*

**Киришүү.** Учурда окуучулардын ойлоо, өзгөчө чыгармачыл активдүүлүгүнүн, деги эле, чыгармачыл ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу, тилекке каршы, алардын потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүнөн артта калууда жана толук кандуу заманбап окутуунун максаттарына жооп бербей жатат. Азыркы учурда өзүнүн ишмердүүлүгүн талдоого, стандарттык талаптардан айырмаланган максаттарды коюп жана аткарганга, өз алдынча чечим кабыл алганга жөндөмдүү чыгармачыл активдүү инсанды калыптандыруу көйгөйү актуалдуу экендигин айтып өттүк. Чыгармачыл инсан бир гана өзгөрүүлөргө даяр болбостон, ал өзгөрүүлөрдү чыгармачыл маселелерди чечүүгө болгон муктаждыктарын канааттандыруу катары кабыл алуусу керек.

Бирок, мектептин ар түрдүү предметтери боюнча окуу адабияттарды, мектеп билим берүүсүндөгү ар түрдүү ийримдердин жетекчилери үчүн методикалык колдонмолорду талдоо, мугалимдер жана окуучулардын иштерин байкоо жүргүзүү көрсөткөндөй, окутуунун кеңири практикасында көп учурда окуучуларды бир

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



маанилүү жоопко багыттаган, алардын ойломдорун активдештире албаган репродуктивдүү жыйынтыктарга алып баруучу ыкмалар колдонулат. Кээ бир изилдөөлөргө таянып айтсак, ал маселелердин 10% гана окуучуларда чыгармачыл ойломду өстүрөт, мисалы: өз алдынча байкоо жүргүзүү, көңүл буруу, тез бир нерсени эске тутуу ж.б. Алардын ичинде окуучулардын таанып-билүүчүлүк активдүүлүгүн стимулдаштырган жана белгисиздик же карама-каршылык элементи бар, же болбосо кубулуштардын өз-ара байланыштарын жана себептерин аныктоого багытталган маселелер, башкача айтканда, чечимди табуу процессине чыгармачыл мамилени калыптандырган чыгармачыл деңгээлдеги маселелер болуп эсептелет. Ошентип, окуу процессин окуучулардын чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө жана өркүндөтүүгө багыттоо зарылдыгы келип чыгууда.

**Талдоо.** Бул маселени чечүү процессинде «чыгармачылык» жана «чыгармачыл ой жүгүртүү» түшүнүктөрүнүн мазмунун илимий түшүнүүнү конкреттештирүү зарылчылыгы келип чыкты. Биринчиден, бул терминдерди айырмалоо керек. «Чыгармачылык» жалпы илимий категория, ал эми «чыгармачылык ой жүгүртүү» психологиялык түшүнүк.

«Инсандын чыгармачылык ишмердүүлүгү» концепциясын иштеп чыгууга катышкан педагог-изилдөөчүлөрдү шарттуу түрдө төрт топко бөлүүгө болот. Окумуштуулардын биринчи тобу чыгармачылык ишмердүүлүктү каалоо, муктаждык, көңүл буруу деп түшүнүшөт.

Бул жерде инсандын чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн маанилүү структуралык элементи катары эмгегинин натыйжасын же тапшырманы аткарууда жаңы элементтерди киргизүүгө басым жасоо болуп саналат.

Ал эми экинчи тобу «чыгармачылык ишмердүүлүк» түшүнүгүн «ишмердүүлүк» түшүнүгү менен байланыштырат. Үчүнчү топтогулар чыгармачылык активдүүлүк инсандын жеке касиети катары карашат. Төртүнчү топтогу окумуштуулар инсандын жеке сапаты катары карашкан.

Белгилүү окумуштуулар А.Н. Леонтьев, И.Я. Лернер, Я.А. Пономарев, Г.И. Щукин чыгармачылык ишмердүүлүккө так аныктама берүү милдетин койгон эмес. Алар муну активдүүлүктүн эң жогорку деңгээли, инсандын сапаты катары түшүнүшкөн, анын жеке өзгөчөлүгүн көрсөтөт, анын өнүгүү процесси ишмердүүлүктүн мүнөзүнө жана окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша болот.

Чет элдик жана ата мекендик изилдөөчүлөрдүн пикирине таянып, биз чыгармачылык - бул билимдин калыптанып калган системасынын чегинен чыгып, жаңы, болуп көрбөгөндөй бир нерсени жаратуучу ишмердүүлүк деген тыянакка келдик. Чыгармачыл ой жүгүртүү анын продуктунун жаңылыгы менен гана эмес, аны алуу процессинин оригиналдуулугу менен да мүнөздөлөт; инсандын өнүгүү деңгээлине олуттуу таасир этет, аны жаңы билимдерди издөөгө үндөйт.

Окумуштуу И.Б. Бекбовдин эмгегинде, эгерде, биз окуучу менен чыныгы кызматташ болгубуз келсе, анда бала менен анын тилинде-сезимдердин жана таасирленүүлөрдүн тилинде сүйлөшүүбүз керек, сезимдин, көрүп элестөөнүн жана сөздүк аныктаманын синтези чыныгы түшүнүк болуп эсептелерин айткан [1]. Демек, алгач окуучунун жөндөмүн аныктап алуу максаттуу экендиги белгиленген.

Салттуу окутууда чыгармачылык маселелер окуучулардын калыптанып калган чыгармачыл жөндөмдөрүн диагностикалоо каражаты болуп эсептелет. Ал эми бизди болсо, эң биринчи иретте, ушул чыгармачыл активдүүлүк, жөндөмдөрдү мугалим жана окуучу кантип өнүктүрүү керектиги, ал процесс кандай система менен, кайсы окутуу программалары аркылуу иштеш керектиги кызыктырып жатат. Мында окуучулар чыгармачыл маселелерди чечүүгө кызыгуу гана арттырбастан, аларды чыгарууга болгон ыкмаларга, жөндөмдөргө да ээ болууга умтулуусу керек. Ошондуктан, таанып-билүүчүлүк жана чыгармачылык активдүүлүктү өнүктүрүү, калыптандыруу - педагогиканын эң актуалдуу маселелеринин бири деп ойлойбуз.

И.Б. Бекбоев, чыгармачылык менен эмгектенүүнүн сапаттарын калыптандыруу процесси ар бир жолу улам жаңы шарттарда, улам жаңы жагдайларда эмгектенип иштөөнү талап кылат, башкача айтканда чыгармачылык менен эмгектенүүдө алдын ала түзүлүп коюлгудай белгилүү тартипте аткарылуучу аракеттердин системасы болбойт. Чыгармачылык менен эмгектенүү жөнүндөгү, аны ишке ашыруунун оңтойлуу шарттары жана ага үйрөнүүнүн ыкмалары жөнүндөгү түшүндүрүп айтуулар, чыгармачылык эмгектенүүнүн тажрыйбасын үйрөнүүнү жеңилдетет, бирок анын өзүн толук өздөштүрүүнү камсыз кыла албайт [2].

Кандайдыр бир оор маселени бирөөнүн жардамысыз, өз алдынча чече алуу адамга абдан чоң эмоционалдуу түрткү берет, өз күчүнө ишенүүнү пайда кылат жана бекемдейт, чыгармачыл жөндөмдүүлүгүн тастыктайт жана айлана-чөйрөдөгүлөрдүн алдында инсандык маанилүүлүгүн жогорулатат. Улам татаал маселелерди чечүү эмоционалдык такшалууну берет, өз күчүнө болгон ишенимди жогорулатат.

Негизинен, чыгармачыл өнүгүүгө, ар бир инсандын психологиялык өзгөчөлүгүн эске алуу менен чыгармачыл топторду калыптандырууга, окуучулардын ой жүгүртүүсүнүн жеке типтерине жараша чыгарма-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



чыл жөндөмдөрүн өнүктүрүү боюнча окуу процессин түзүүгө тиешелүү болгон көптөгөн көйгөйлөр көз жаздымда калып, илимий-педагогикалык адабияттарды кенен чагылдырылган эмес, ошондуктан мындан ары анын үстүнөн иштөөнү талап кылат. Учурдагы билим берүү системасында окуучулар менен иштөөдө «мугалим» жана «психолог» биргеликте иш алып баруу менен, окуучунун психологиялык абалын аныктоо аркылуу анын билим алуудагы чыгармачылык жөндөмүн, иш аракетин аныктоо маселеси жаралууда. Демек, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн калыптандырууда психологиялык абалын аныктоо зарыл [12].

Көйгөйдүн абалын ретроспективдүү изилдөө көрсөткөндөй, чыгармачыл жөндөмдү философиянын, психологиянын, педагогиканын контекстинде өркүндөтүүнү талдоонун негизинде айкындалгандай, таптакыр жөндөмү жок адам болбойт. Кайсыл гана адам болбосун, кандайдыр жөндөмдөргө ээ, ал эле эмес, алардын ар түрдүүлүгүнөн жана көптүгүнөн ар бири көптөгөн багыттар менен ийгиликтүү өнүгүп, бир катар ишмердүүлүктөрдүн түрүндө жөндөмдөрүн колдонулушу мүмкүн. Бирок ар бир адамдын ал жөндөмдөрү индивидуалдуу, кайталангыс. Мындан сырткары, адам баласы өзүнүн турмушунда керектелүүчү чыгармачылык жөндөмдүүлүктөргө ээ.

Чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрдүн өнүгүүсүнүн негизин салттуу түрдө ишмердүүлүк принциби деп атайбыз. Эгерде чыгармачылык – адамдын ишмердүүлүгүнүн фундаменталдык касиети болсо, анда чыгармачылыкка болгон муктаждык жана чыгармачылык жөндөмдүүлүк – бул ишмердүүлүктүн продукту жана аны ишке ашыруунун зарыл шарттары. Бул ой ар түрдүү илимдин адис-окумуштуулары тарабынан көптөгөн эмгектерде чагылдырылган: философиялык (Г.А. Давыдова, А.М. Коршунов, М.Б. Храпченко), психологиялык (Л.С. Выготский, А.Н. Леонтьев, Я.А. Пономарев, Л.С. Рубинштейн, Б.М. Теплов, П.М. Якобсон), педагогикалык (И.Я. Лернер, П.И. Пидкасистый, М.Н. Скаткин, Г.И. Щукина), методикалык илимдин (Г.И. Беленький, Т.Г. Браже, А.С. Вознесенская, М.Г. Качурин, В.Г. Маранцман, Н.Д. Молдавская).

Бирок чыгармачылыктын көйгөйлөрү адабияттарда кеңири чагылдырылып, бардык суроолорго так жооптор бериле элек: чыгармачыл жөндөмдөр деп эмнени эсептешибиз керек, алардын структурасы жана мүнөздөмөсү кандай. Кээ бир эле изилдөөлөр бул көйгөйлөрдү чечүүгө жакындашкан (И.Я. Лернер [3], А.А. Мелик-Пашаев [4], Я.А. Пономарев).

Ошентип, бул диссертациялык иштин борборунда философия, психология, педагогиканын эң оор категорияларынын бири – окуучулардын чыгармачыл жөндөмдөрүнүн өнүктүрүү турат, бирок канча изилдөө жүргүзүлсө да, анын бири да окуучулардын чыгармачыл жөндөмдөрүнүн өнүктүрүүнүн психологиялык-педагогикалык жана методикалык жагын комплекстүү карап изилдеген эмес. Бул жетишсиздикти толуктоо үчүн биз буга чейинки адамзат өнүгүшүндөгү илимдин ар тармактарындагы адамдын чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүү маселелери боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөрдү салыштырмалуу-тарыхый принциптин жардамы менен карап чыктык.

Биринчи болуп бул көйгөйгө философия илими (Гераклит, Платон, Кант ж.б.) кайрылган, бирок чыгармачылык маселелеринин, алардын иштөө механизминин иштелбегендиги көп жылдар бою философторго «чыгармачылык жөндөмдөр» түшүнүгүнүн маңызын так аныктоого мүмкүндүк берген эмес. XX кылымдын башында гана изилдөөчүлөр бул суроонун чечилишине жакындашты, себеби чыгармачылыкты адамдын ишмердүүлүгү катары, ал эми жөндөмдөрдү анын бир продуктысы катары карап баштaшты. Чыгармачылык ишмердүүлүк кандайча өтөт, ал инсандын өнүгүүсүндө кандай роль ойнойт? Бул көйгөйлөрдү заманбап философия дагы чечүүгө аракет жасап жатат (Г.А. Давыдова [5], С.С. Гольдентрих, А.М. Коршунов [6] ж.б.), алар чыгармачылык жана чыгармачылык жөндөмдөрдүн ар түрдүү аспектилерин изилдеген психологдордун жетишкендиктерине таянышкан (В.М. Бехтерев, И.П. Павлов, С.Л. Рубинштейн [8], Б.М. Теплов [7], П.М. Якобсон). Өзгөчө салымын көйгөйдүн өнүгүшүн изилдөөгө орус окумуштуусу Л.С. Выготский [10] киргизди, ал биринчи ирет балдардын чыгармачылык ишмердүүлүгү адамдын өнүгүүсүнүн зарыл шарты катары белгилеп жазган. Л.С. Выготскийдин изилдөөлөрү балдардын чыгармачыл жөндөмдөрүн өнүктүрүүнүн педагогикалык концепциясынын негизи болуп калды.

Заманбап педагогикада (И.Я. Лернер [3], М.Н. Скаткин [9], Г.И. Щукина [11]) психологдордун артынан тастыктагандай, чыгармачылык процессин башкарууга болот жана башкаруу керек, мында окуучулардын чыгармачыл өз алдынчалыгын ийгиликтүү өнүктүрүү үчүн зарыл шарттарды түзүү керек. Буларга, мисалы, чыгармачыл жөндөмдөрдүн табиятын жана структурасын билүү кирет, алар адамдын чыгармачыл ишмердүүлүгүнүн негизинде жатат. Бирок муну билүү буга чейинки жүргүзүлгөн стандарттуу эмес оригиналдуу ойлонгон инсанды тарбиялоо мүмкүндүгүн изилдөө тарыхы бар (Я.А. Коменский, Дж. Локк, И. Песталоцци, К. Д. Ушинский, Л.Н. Толстой, А.С. Макаренко, В.А. Сухомлинский, Бекбоев И.Б., Мамбетакунов Э.М., Калдыбаев С.К. ж.б.), бирок ага карабастан бул көйгөй толугу менен ачыкталган эмес. Белгилүү педагогдордун эмгектеринде ошондой эле мугалимдерди балдардын ар түрдүү жөндөмдөрүн,

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



алардын демилгелүүлүгүн, элестөөлөрүн, турмушка, айлана-чөйрөгө кызыгуусун, чыгармачылыкка умтулуусун арттырууга чакырышкан. Максатка жетүү үчүн окуучулардын бардык потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүн актвдештирүүгө багытталган арсеналдары жана каражаттары сунушталган. Бирок чыгармачылыктын теориясындагы болгон кемчиликтер массалык окутуу жана тарбиялоо процессинде чоң натыйжаларга жетип, ишке ашырууга тоскоолдук кылган.

Азыркы мезгилде адистерди даярдоонун сапатынын негизги көрсөткүчтөрү болуп төмөнкүлөр саналат: жетиштүү кесипкөйлүк, чыгармачыл ой жүгүртүү жана өзүн тарбиялоо жөндөмдүүлүгү. Чыныгы эмгек рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүү, өз адистиги боюнча шык-жөндөмгө жана билимге ээ, аз болсо да практикалык тажрыйбасы бар адисти даярдоо окутуу процессинде студенттердин чыгармачылыгын өнүктүрүүгө көмөктөшүүчү ыкмаларды колдонууну камтыйт.

Көптөгөн маселелер, атап айтканда, чыгармачылык ишмердүүлүктү өнүктүрүү, чыгармачылык топторду түзүү, бул топтун курамына кирген ар бир адамдын психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү үчүн окуу-тарбия процессин жүргүзүү, студенттердин жеке психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу, илимий-педагогикалык адабияттарда тийиштүү түрдө камтылбаган жана тереңдетилген педагогикалык изилдөөлөрдү талап кылат.

Жалпы билим берүү системасын өнүктүрүүнүн азыркы этабында адамдын инсандыгын калыптандырууга жана өнүктүрүүгө ар тараптуу көмөк көрсөтүү башкы милдет болуп турганда балдардын ички дүйнөсүн, алардын кызыгуусун жана жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө олуттуу көңүл буруу зарыл болууда.

**Корутунду**. Албетте, окуу процессин уюштурууга жаңы мамилелерди камсыз кылуу маселеси биринчи планга коюлуп, анда окуу предметтери боюнча билимди жөнөкөй кабыл алуудан баштап баланын бардык маанилүү аракеттерин ишке ашырууга басым жасоо зарыл. Демек, билим берүүнүн жаңы түшүнүгү – билимдердин, жөндөмдөрдүн жана көндүмдөрдүн жыйындысына ээ болуу катары эмес, мектеп окуучуларында системалуу мүнөздөгү ар кандай жөндөмдүүлүктөрдү жана алардын өндүрүмдүүлүгүнүн жогорку деңгээлде өнүктүрүү талап кылынууда. Жогоруда айтылгандардан тыянак чыгарууга болот: адабияттарда берилгендердин негизинде студенттер менен чыгармачылыкта иштөө процесси алардын чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрөт, инсандын эмоционалдык, мотивациялык, интеллектуалдык чөйрөлөрүнүн калыптанышына таасир берет. Ошондой эле окуучуларда белгилүү бир сапаттардын болушу менен байланышкан: интеллектуалдык жөндөмдүүлүк, кырдаалды аналитикалык баалоо жөндөмдүүлүгү, тез реакция кылуу, башкалар менен биригүүнүн жеңилдиги, стандарттуу эмес ой жүгүртүүсү, чыгармачыл фантазиясы, өнүккөн интуиция, чечим кабыл алууда өз алдынчалык, өз алдынчалыкка муктаждык сапаттары калыптанат.

**Адабияттар:**


1. Бекбоев И.Б. Окуучу, мектеп, мугалим: улуттук педагогика илиминин контекстинде. - Б., 2015. - 254-б.
2. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. - Б., 2011. - 16-б.
3. Лернер И.Я. Дидактические основы методов обучения. - М., 1981. - 185 с.
4. Мелик-Пашаев А.А. Педагогика искусства и творческие способности. - М.: Знание, 1981. - 96 с.
5. Давыдова Г.А. Творчество и диалектика. - М., 1976.
6. Диалектика и теория творчества. / Под ред. С.С. Гольдентрихта и А.М. Коршунова. М.: МГУ, 1987. - С. 198.
7. Теплов Б.М. Избранные труды: в 2 т. - М., 1985.
8. Рубинштейн С.Л. Основы общей психологии. - М., 1989.
9. Скаткин М.Н. Активизация познавательной деятельности учащихся в обучении. - М., 1965. - 48 с.
10. Выготский Л.С. Воображение и творчество в детском возрасте. - СПб: Союз, 1997. - 96 с.
11. Щукина Г.И. Активизация познавательной деятельности учащихся в учебном процессе. / Уч. пос. - М., 1979. 160 с.
12. Новикова С. Психодиагностика трудностей в обучении школьников. / «Ала-Too Academic studies» Жарчысы, 2017. - №1. - С. 230.